КР ЭМге караштуу ОЭКДнын
2024-жылдын_22-январындагы__№_15
буйругуна 3-тиркеме

**Жылуулук энергия чөйрөсүндө ишкердик ишти ишке ашыруу укугуна лицензия алуу үчүн зарыл болгон документтердин ТИЗМЕГИ**

1. Отун-энергетикалык чөйрөдө ишкердик ишти (жылуулук энергиясын өндүрүү, сатуу, берүү, бөлүштүрүү) ишке ашыруу укугуна лицензия алуу үчүн арыз ээси отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке төмөнкү документтерди берүүгө милдеттүү:

1) төмөндөгүлөрдү көрсөтүү менен арыз:
- юридикалык жактын (уюмдун) юридикалык жактын – толук жана (же) кыскартылган аталышы жана уюштуруу-укуктук формасы, юридикалык жак үчүн,
- фамилиялары, аты жана атасынын аты – жеке адам үчүн,
- жайгашкан жерлер,
- лицензиар кат алышууну, чечимдерди, кабарлоолорду, кабарландырууларды жөнөтүүнү жүзөгө ашырган электрондук почта даректери,

2) өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү - жеке жак үчүн;

3) мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү - юридикалык жак жана жеке ишкер үчүн же ишкердик ишмердүүлүккө патенттин көчүрмөсү;

4) арызды кароо жана лицензия жана (же) уруксат берүү үчүн мамлекеттик алым төлөнгөндүгүн ырастоочу документтин көчүрмөсү **төлөө үчүн төлөм коду 14222710, алыш-бериш эсеби 4402011001000140, алуучу: Биринчи Май РКБ, Биринчи май району боюнча МСКБ, ИСН 01612199210061, Банк: Борбордук казыналык, БИК 440001**;

5) арыз ээсинин ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан арыз берилген учурда лицензиарга арыз жана ага тиркелген документтерди берүү укугуна ишеним кат.

6) банктык реквизиттер жөнүндө маалымат (юридикалык жактар үчүн);

7) техникалык коопсуздук чөйрөсүндөгү көзөмөлдөө жана контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жабдуулардын жана инфраструктуранын техникалык коопсуздук стандарттарына ылайыктуулугу жөнүндө оң корутундусу;

8) лицензияланууучу ишти сапаттуу жана коопсуз жүзөгө ашырууну камсыз кылуучу квалификациялуу адистердин бар экендиги жөнүндө маалыматтар (дипломдордун, эмгек китепчелеринин, билими же квалификациясы жөнүндө күбөлүктөрдүн же күбөлүктөрдүн же сертификаттардын көчүрмөлөрү);

9) электр чарбасы үчүн жооптуу адис жөнүндө буйруктун көчүрмөсү;

10) материалдык-техникалык жабдылгандыгын жана лицензияланууучу иштин түрү боюнча ниеттердин толук баяндаган түшүндүрмө кат;

11) менчигинде жана/же ээлигинде жана пайдалуусунда белгилинген тартипте катталган жылуулук энергиясын өндүрүү үчүн зарыл болгон

жабдуулардын бар экендигин ырастаган документтердин (сатып алуу-сатуу/белекке берүү келишими, балanстык таандыктыгы жөнүндө акт же башка документ көчүрмөлөрү ;

12) берилген документтердин тизмеси

2. **Жылуулук энергиясын сатуу боюнча иш жүзөгө ашыруу үчүн** арыз ээси кошумча төмөнкү документтерди бериши керек:

1) арыз ээси өзү жылуулук энергиясын өндүрүүчү болуп саналган учурларды кошпогондо, үчүнчү жактардан жылуулук энергиясын алуу мүмкүнчүлүгүн ырастаган документтердин көчүрмөлөрү (контрактар, ниет келишимдери, расмий каттар).

3. **Жылуулук энергиясын берүү боюнча иш жүзөгө ашыруу үчүн** арыз ээси кошумча төмөнкү документтерди бериши керек:

1) жылуулук энергиясын берүү боюнча арыз ээсин кызмат көрсөтүүлөрүнө үчүнчү жактардын кызыкчылыгын ырастаган документтердин көчүрмөлөрү (ниет келишими, коммерциялык сунуштар, расмий каттар).

4. **Жылуулук энергиясын бөлүштүрүү боюнча иш жүзөгө ашыруу үчүн** арыз ээси кошумча төмөнкү документтерди бериши керек:

1) эки же андан көп керектөөчүлөрдүн бар экендигин ырыстаган документтердин көчүрмөлөрү (контракттар/ниет келишимдери/коммерциялык сунуштар/расмий каттар)